Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын - кандидаттык диссертациясын *алдын ала коргоо боюнча* И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты), психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.23.673 диссертациялык кеңешинин жана И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кызматкерлери менен биргеликте өткөрүлгөн кезектеги отурумдун

**№ 18 ПРОТОКОЛУ**

Бишкек шаары 21.06.2024-ж.

**Катышкандар:**

1. Муратов А.Ж.(төрага) - п.и.д., профессор, 13.00.02
2. Омурбаева Д.К.(окумуштуу катчы) – п.и.к., доцент 13.00.02.
3. Батаканова С.Т. - п.и.д., профессор, 13.00.02
4. Бердибаева С.К. - псих.и.д., профессор, 19.00.07
5. Акажанова А.Т. - псих.и.д., профессор 19.00.07
6. Добаев К. Д. - п.и.д., профессор, 13.00.02
7. Манликова М. Х. - п.и.д., профессор, 13.00.02
8. Мукамбетова А.С. - п.и.д., профессор, 13.00.02
9. Перленбетов М.А. - псих.и.д., профессор, 19.00.01, 19.00.07
10. Рысбаев С. К. - п.и.д., профессор, 13.00.02
11. Шакеева Ч.А. - псих.и.д., профессор, 19.00.01, 19.00.07
12. Чыманов Ж.А. - п.и.д., профессор, 13.00.02
13. Акматов К.К. - п.и.д., доцент, 13.00.02
14. Сыдыкбаева М.М. - п.и.д., доцент, 13.00.02
15. Үкүева Б.К. - п.и.д., доцент, 13.00.02
16. Хасанов Н.Б. - п.и.д., доцент, 13.00.02
17. Конурбаев Т.А. - псих.и.к., профессор 19.00.07
18. Ажиматов О.А. - псих.и.к., доцент 19.00.01
19. Закиров А. - псих.и.к. 19.00.01

**Отурумга катышкан адис окумуштуулар**

1. Супатаева Э.А. - п.и.к., КББАнын ага илимий кызматкери, 13.00.02
2. Сакиева С.С. - п.и.д., профессор ЖАГУ, 13.00.02
3. Куканова М. - п.и.к., И. Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а, 13.00.02
4. Джапарова З.Б. - п.и.к, И. Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а, 13. 00.02
5. Раимбекова М. Р. – п.и.к..И. Арабаев атындагы КМУнун доц.– 13.00.02.

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын **«Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары» (кыргыз тили)** аттуу 13.00.02 - окутуунун жана

тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу учун жазылган диссертациясын талкуулоо.

Отурумду төрага, п.и.д., профессор А. Ж. Муратов ачып, күн тартибинде каралуучу маселе менен тааныштырды: Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын диссертациялык темасынын аталышы «Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары» 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) деп аталат, иш 2013-жылы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасында бекитилген. Илимий жетекчиси - п.и.д., профессор Чыманов Жеңишбек Арыпович.

Ишти кароо үчүн төмөнкү эксперттер дайындалган:

1. Педагогика илимдеринин доктору, профессор Рысбаев С.К.
2. Педагогика илимдеринин доктору, профессор Добаев К.Д.
3. Педагогика илимдеринин доктору, доцент Мукамбетова А.С.

Отурумда төрага, п.и.д., профессор А. Ж. Муратов илимий иштин мазмунун баяндап берүү үчүн изденүүчүгө сөз берди.

Диссертациялык иштин кыскача мазмуну жана практикалык жыйынтыктары тууралуу изденүүчү Черикчиева Гулмира Мейманбековна төмөндөгүлөргө: изилдөөнүн актуалдуулугу, изилдөө объекти, изилдөө предмети, изилдөөнүн максаты жана милдети менен кошо буларды ачып берүүгө токтолду.

**Изденүүчү:** Саламатсыздарбы, урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы Абдыкерим Жаркынбаевич жана диссертациялык кеңештин мүчөлөрү. Диссертациялык ишимдин темасы «Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары» деп аталат.

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргыз тилин эне тили катары өзүнчө предмет болуп окутулушунун тарыхы бир кылымдан ашты. Кыргыз тилин окутуу Октябрь революциясына чейин башталып (И. Арабаев, Х. Сарсекеев. “Алиппе жаки төтө окуу” китеби, 1911-жыл), Совет мезгилинде жүргүзүлүп, эгемендикке ээ болгондон кийин да улантылып келет. Бул процесс кыргыз эли барында, Кыргыз Республикасы турганда окутула берүүчү коомдук-социалдык мыйзамдуу көрүнүш катары жүрө бермекчи. Окутуу-үйрөтүү боюнча жүз жылдан ашык тарыхы бар кыргыз тилин окутуу процесси мезгилдин суроо-талаптарына жараша айрым өзгөрүүлөргө, толуктоолорго дуушар болуп, жакшыруу, өркүндөө багытындагы иш-аракеттер талашсыз жүрүп келет да, окутуунун мазмуну менен окутуунун формасы олуттуу өзгөрүүлөргө ээ болбостон, негизинен, алгачкы мазмуну менен алгачкы формасын толук сактап келе жатат.

Ал эми кыргыз тилин окутуунун негизги формасы катары класстык сабак билим берүүнүн бардык баскычтарында колдонулуп келет. Соңку маалыматтарга караганда окутуу жана тарбиялоо процесстерин уюштуруунун 98% сабак формасында өтүлөт. Билим берүүнү уюштуруудагы

сабактан башка жаңы формаларын табууга болгон аракеттер үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келе жатканына карабастан, окутуунун алда канча алгылыктуу жана натыйжалуу формаларын табуунун келечеги жок деп аныктоого болот.

Аныкталган ж. б. карама-каршылыктарды жоюу жана ал аркылуу кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттыруунун шарттарын жана ык-жолдорун аныктоо ишибиздин актуалдуулугун айкындап, көрсөттү.

Проблеманын мындайча коюлушу изилдөөбүздүн темасын: "Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары," деп аныктоого шарт түздү.

Диссертациянын темасынын илимий мекемелердин жүргүзгөн илимий-изилдөө программалары, иштери менен болгон байланышы: Диссертациялык изилдөөнүн темасы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика жана психология инсититутунун башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын илимий изилдөө иштери менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты:** орто мектепте кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттарын аныктоо менен аны практикада колдонуунун ык-жолдорун иштеп чыгуу, педагогикалык-эксперименттик текшерүүлөрдөн өткөрүү менен практикада колдонууга сунуш кылуу.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Темага байланыштуу педагогикалык-методикалык, практикалык колдонмолорду адабияттарды окуп-үйрөнүү, жалпылаштыруу, кыргыз тили сабагынын азыркы практикадагы абалын аныктоо.

2. Кыргыз тили сабагына коюлуп жаткан азыркы дидактикалык талаптарды аныктоо, аларды аткаруунун теориялык жана практикалык маселелерин чечүүнүн жолдорун сунуштоо.

3. Азыркы кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттарын аныктап, аларды сабак процессинде пайдалануунун ык-жолдорун, каражаттарын көрсөтүп, колдонууга сунуш кылуу.

4. Иштелип чыккан методикалык ой-сунуштардын алгылыктуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерип, практикага сунуш кылуу.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**"Кыргыз тили сабагына коюлуп жаткан азыркы дидактикалык талаптар"** деп аталган биринчи бапта азыркы кыргыз тили сабагынын максаттары, кыргыз тили сабагына коюлуп жаткан азыркы жалпы жана негизги милдеттер, аларды ишке ашыруунун жолдору, азыркы кыргыз тили сабагынын методикалык мазмуну, кыргыз тили сабагын уюштуруп, өткөрүүгө карата мугалимге коюлуп жаткан азыркы талаптар, кыргыз тили мугалиминин маданий компетенттүүлүгү жөнүндө сөз болот.

Азыркы кыргыз тили сабагы жана анын натыйжалуулугун арттыруунун методикалык шарттары тууралуу сөз кылганда сабакты пландап, уюштуруп, өткөрүп жаткан кыргыз тили мугалими коюлуп жаткан соңку талаптарга да токтолуусу зарыл. Кыргыз тили сабагынын методикалык мазмуну тууралуу сөз кылганда сабак процессиндеги мугалим менен окуучунун өз ара

кызматташтыгы, баарлашуулары, бул иш-аракеттердин педагогикалык талаптарга ылайык жүргүзүлүшү да өзгөчө мааниге ээ. Кыргыз тили сабагынын жандуулугун, жагымдуулугун, кызыктуулугун жана жугумдуулугун камсыз кылуучу негизги шарт – бул мугалим менен окуучунун эркин, өз ара сыйлашуу негизиндеги баарлашуусу.

Мектеп окуучуларынын маданият таануучулук компетенцияларын өнүктүрүүдө, кеп маданиятын жакшыртууда мугалим жогорку кептин сапаттарга ээ болушу жана аларды сабак процессинде орундуу колдоно алышы менен эле маселе толук чечилбейт. Мында кыргыз тили мугалими ойлонуп, алдын-ала чечип алуучу дагы бир маселе бар. Ал – окуучуларга суроо берүү маселеси. Тилекке каршы, суроо берүүнүн окутуу-үйрөтүү иштериндеги орду, кыргыз тилин окутуудагы мааниси жана ролу тууралуу методика илиминде өзүнчө сөз боло элек. Практикада дээрлик бардык учурда бирдей, окшош суроолор берилип, ага жараша окуучулар да бирдей, окшош жооп берүүгө жедеп көнүп бүтүшкөн. Бул абалды инновациялык өзгөртүүнүн зарылдыгы эбак бышып жетилген.

Кыргыз тили сабагы – бул кеп маданияты сабагы. Кеп маданияты боюнча билим, билгичтик жана көндүмдөрдү калыптандырып, өркүндөтүү маселеси кыргыз тили боюнча өтүлүүчү ар бир сабакта камтылып, сабактын ажырагыс составдык бөлүмү болушу зарыл. Ал эми кыргыз тили мугалиминин сөзү окуучулар үчүн үлгү, жандуу кептин көрүнүшү болушу шарт. Билимди билимдүү гана бере алат. Кыргыз тили мугалими жандуу кыргыз тилинин жандуу көрүнүшүн алып жүрүүчү, барктоочу жана жаш муундарга берүүчү миссиясын ишке ашыруучу болушу шарт.

**“Кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатууда методикалык шарттары боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору”** деп аталган экинчи бапта, изилдөөнүн материалдары, методдору жана педагогикалык эксперименттин иш-аракеттердин жыйынтыктары берилди.

**Изилдөөнүн объектиси** - орто мектепте кыргыз тили сабагын даярдап өткөрүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети** - орто мектепте өтүлүүчү кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугунун жогорулатуунун методикалык шарттары.

Диссертациялык изилдөөбүздүн материалдары катары Кыргыз Республикасынын Билим берүү мыйзамынан тартып, мамлекеттин, предметтин стандарттар, концепциялар, окуу программаларынан тартып, педагогикалык жана кыргыз тилин окутуунун методикасына арналган эмгектер талдоого алынды. Методикалык эмгектерден С. Нааматовдо, К.К. Сартбаевдин, А.Осмонкуловдун, С.Рысбаевдин, И.Бекбоевдун, А.Алимбековдун, Б.Өмүралиевдин, А.Муратовдун, Ж.Чымановдун, К.Добаевдин, А. Мукамбетованын ж.б. адабияттары талдоого алынып, жыйынтыктар чыгарылды. Биздин диссертациялык изилдөөбүздүн негизги максаты кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары болгондуктан, изилдөө ишибизде максатка жетүүгө өбөлгө болуучу методдорду аныктап, аларды натыйжалуу колдонууга

аракеттер жасалды. Иште, негизинен теориялык-практикалык жана педагогикалык эксперименттик методдор колдонулду. Теориялык методдор аркылуу төмөнкүдөй иш-аракеттер аткарылды.

***Биринчи, укуктук-нормативдик документтерди өздөштүрүү методу*** менен Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамы, кыргыз тилин эне тили катары окутуунун Мамлекеттик жана предметтик стандарттары, окутуунун соңку иштелип чыккан концепциялары, кыргыз тилин мамлекеттик тил катары өнүктүрүүнүн Улуттук программалары, окутуу-тарбиялоого, инсанды өнүктүрүүгө карата Президенттин соңку жарлыктары, кыргыз тилин окутуу программалары талданып, үйрөтүлдү жана жалпылаштырылды.

***Экинчи, илимий-методикалык булактарды үйрөнүү методу*** аркылуу жалпы эле билим берүүнү, тарбиялоону уюштуруп, өткөрүүнүн формаларынын пайда болушу, өнүгүш тарыхы тууралуу маалыматтар топтолду. Окуу процессин уюштуруунун класстык сабак формасынын пайда болушу, анын тез эле дүйнөлүк деңгээлде кеңири колдонулуп кетишинин себеп-натыйжалары талдоого алынды. Жалпы эле педагогика илими, анын ичинде улуттук педагогика илимдерине педагог-окумуштуулардын эң көп жана кайра-кайра кайрылган маселеси сабак тууралуу экендигине ынандык. Орус педагог-окумуштуулары И.П. Подласыйдын, Е.И. Пассовдун, С.Д. Шевченконун, Б.Т. Пановдун ж.б. кыргыз окумуштуулары К.К. Сартбаевдин, И. Бекбоевдин, Э. Мамбетакуновдун, А. Алимбековдун, А. Муратовдун, Ж.Чымановдун ж.б. методикалык эмгектерин терең өздөштүрүү менен сабактын структуралык түзүлүшү, типтери менен түрлөрү, сабакка максаттын коюлушу, милдеттери жөнүндө, методдор жөнүндө жана сабакты талдап, баалоонун методикасы тууралуу керектүү маалыматтарды ала алдык.

***Үчүнчү, практикалык тажрыйбаларды, табылгаларды талдоо, аларды жалпылаштыруу методу*** бизге кыргыз тилин орто мектептерде окутуунун азыркы абалы, сабакты уюштуруп, өткөрүүнүн ийгиликтери, жетишкендиктери менен жакындан таанышууга шарт түздү. Ошондой эле азыркы кыргыз тили сабагында азыркы суроо-талаптарга жооп бербеген, калыпка салынган салттуу сабактардын аз болсо да өтүлүп жатканына күбө болдук.

Азыркы кыргыз тили сабагын заман талабына ылайык өркүндөтүп, сабактын түзүлүшүнө өзгөртүү киргизип, жаңы интерактивдүү методдорду, заманбап каражаттарды колдонууга болгон аракеттер арбын экенине ынандык.

***Төртүнчү, сурамжылоо, аңгемелешүү методу*** аркылуу биз проблема менен жакындан таанышууга мүмкүнчүлүк алдык. Мында райондук, шаардык билим берүү кызматкерлери, мектеп жетекчилиги, кыргыз тили мугалимдери, мектеп окуучулары, ата-энелер арасында кыргыз тилин окутуу, сабактын жүрүшү, өтүлүшү жөнүндөгү түрдүү пикирлер, сунуштар топтолду, окутуунун, кыргыз тили сабагынын учурдагы абалы тууралуу маалыматтар алынды.

***Бешинчи, анкета алуу методу.*** Бул метод аркылуу биз сабак боюнча мектеп администрациясынын, мугалимдин, окуучунун жана ата-энелердин жеке пикирлерин билүү максатында өз-өзүнчө даярдалып, атайын суроолор камтылган анкеталарды таратып берип, аларга жазуу түрүндө жооп берүүлөрүн өтүндүк. Алынган жооптордон кыргыз тили мугалими да, окуучусу да, ата-эне да кыргыз тилинин өзүнчө предмет катары окутулушун колдоп, аны жакшыртууга, натыйжасын арттырууга өтө кызыкдар экендиги аныкталды.

Педагогикалык эксперименттик иш-аракеттер изилдөө иштеринде натыйжа берип, салтка айланган үч этапта жүргүзүлдү. Этаптар аныктоочу, калыптандыруучу жана текшерүүчү деп аныкталды. Ар бир этаптын конкреттүү максаты, ага ылайык милдеттери такталып, максат-милдетке жараша изилдөөнүн методдору тандалып алынды. Ошондой эле этапта жүргүзүлгөн иш-аракеттерден алынган натыйжалары тууралуу маалыматтар берилди.

**“Азыркы кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары”** деп аталган үчүнчү бапта сабактын стратегиясын аныктап алуу – кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттыруунун дидактикалык шарты, билим берүүнүн жаңы парадигмаларын кыргыз тили сабагында колдонуу маселеси, кыргыз тили сабагында окуучулардын билим алуу көндүмдөрүн калыптандыруунун мазмуну, кыргыз тилин башка предметтер менен интеграциялап окутуу – сабактын натыйжалуулугун арттыруунун шарты катары менен байланышкан маселелер ачыкталды.

Иштин жүрүшүндө Бишкек шаарындагы жана региондордогу мектептерде болуп, сабактарга катышып, аларды талкуулап, ошол эле учурда кыргыз тили мугалимдери менен аңгемелешүү, пикир алышуу, сурамжылоо жана башка иш-чаралар жүргүзүлдү. Кыргыз тили сабагына байланыштуу бир катар практикалык маселелер боюнча мугалимдер көптөгөн пикирлерин, сунуштарын айтышты, муктаждыктарын билдиришти. Бул боюнча бир катар маанилүү маалыматтарды алдык. Ошол эле учурда практик-мугалимдин кыргыз тили сабагы боюнча айрым теориялык маселелер боюнча маалымат-түшүнүктөрү чектелүү экендиги да айкын болду. Практик 19 мугалимге керек болгон теориялык суроолордун бири өтүлүүчү сабактын стратегиясын алдын ала аныктап алуу экендиги белгилүү болду.

Албетте, азыркы кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатууну аныктап, сунуш кылган методикалык шарттар менен эле чектелбейт. Сабак жандуу жана өзгөрүлмөлүү болгондуктан, аны жакшыртуунун жол-жоболору, шарттары, жалпы эле технологиялары дайыма өзгөрүп, толукталып туруучу, өзгөрүлмөлүү жана үзгүлтүксүз процесс экендиги белгилүү. Сабактын натыйжалуулугун арттыруу маселеси дайыма өзгөртүүнү талап кылган, коомдук-социалдык суроо-талаптарга жараша оңдолуп, толукталып туруучу жандуу жана зарыл талап болуп саналат.

# КОРУТУНДУ

Корутундуда жалпы билим берүүчү орто мектептерде окутулуп келе жаткан кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттыруунун методикалык шарттарын азыркы талаптарга ылайык аныктоо жана аны ишке ашыруунун ык-жолдорун, каражаттарын иштеп чыгуу максатын көздөгөн бул диссертациялык ишибизде төмөнкүдөй милдеттер аткарылды:

Биринчи милдет. Темага байланыштуу адабияттарды окуп-үйрөнүү менен кыргыз тили сабагынын практикадагы азыркы абалын аныктоо боюнча төмөнкүдөй корутундуга келдик. Азыркы учурда өтүлүп жаткан кыргыз тили сабактарында окутууга салттуу мамиле кылуу, сабактын этаптары эч бир өзгөрүүсүз кайсы класста кайсы тема өтүлбөсүн бирдей жүргүзүлөт. Бул окуучулардын сабакка болгон кызыгууларын жогорулатууга кызмат кыла албайт. Сабакта колдонулган ык-жолдор, методдор, каражаттар методикалык эмгектерде кандай берилсе, дал ошондой кылып тууроого негизделгендиктен, алар күткөн натыйжаларды бербей келет. Кыргыз тили мугалимдеринде кеп маданияты, жалпы эле маданий компетенттүүлүктү жакшыртуу зарылдыгы бар.

**Экинчи милдет.** Кыргыз тили сабагына коюлуп жаткан азыркы талаптарды аныктоо жана аларды ишке ашыруунун ык-жолдорун иштеп чыгуу. Кыргыз тили сабагына коюлуп жаткан азыркы талаптарды, негизинен, төрткө бөлүп карадык. Алар: таанып-билүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, тарбиялык жана билим-берүүчүлүк.

**Үчүнчү милдет.** Сабактын натыйжалуулугун өркүндөтүүнүн негизги методикалык шарттары катары сабактын стратегиясын аныктап алууну, билим берүүнүн жаңы парадигмаларын сабакта колдонууну, окуучулардын билим алуу көндүмдөрүн жакшыртууну жана интеграциялык окутууну көрсөттүк.

**Төртүнчү милдет.** Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар, алар боюнча иштелип чыккан методикалык сунуштардын алгылыктуулугу атайын уюштурулган педагогикалык эксперименттик иш-аракеттер аркылуу сыноодон өткөрүлдү. Анын жыйынтыгы боюнча ишке айрым толуктоолор киргизилип, практикада колдонууга сунуш кылынды.

# ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Кыргыз тили жана адабияты мугалимдерине окутууга жана окуучуларга карата болгон түшүнүк менен мамилени акырындап өзгөртүүнү сунуш кылабыз. Окутуу – бул окуучуларга билимдердин жыйындысын даяр түрүндө берүү эмес, ал – окуучулардын билим алуу көндүмдөрүн калыптандыруу менен керектүү билимдерди жекече өздөштүрүүсүнө өбөлгө, шарт түзүү. Окуучу – даяр билимдерди ошол боюнча алуучу объект эмес, ал – мугалимдин көрсөтмөсү, багыттоосу жана уюштуруусу менен керек болгон билимдерди жекече өздөштүрүүчү субъект.

2. Ар бир окуучуну жакындан таанып, анын үй-бүлөлүк социалдык абалын, кызыкчылыктарын, максат-мүдөөлөрүн, өздөштүрүү, үйрөнүү мүмкүнчүлүктөрүн, саламаттыгын, муктаждыктарын ж.б. жеке сапат, жөндөм, касиеттерин терең үйрөнүү, сабакта аларды эске алуу кыргыз тили

сабагынын натыйжалуулугун арттыруунун социалдык жана дидактикалык шарты экенин эстен чыгарбоону сунуш кылабыз.

Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң ыракмат!

**Төрага:** Изденүүчү сизге ыракмат, менин бир суроом бар. Сиздин изилдөөңүз методикалык шарттары экен, так айтып берсеңиз кайсыл шарттар менен аныкталды?

**Изденүүчү:** Абдыкерим Жаркынбаевич суроонузга ыракмат! Методикалык шарттар билимдерди кабыл алат:

- билгичтиктер менен көндүмдөрдү ишке ашырып, билимин өркүндөтө алса;
- алган билимдерин түшүнүп, баамдап жана эстеп калса;
- алган билимдерин тааныш кырдаалда (ситуация) колдоно алса;
- алган билимдерин жаңы кырдаалда, тактап айтканда, тааныш эмес жагдайда колдоно алса.

**Төрага:** Кийинки суроону п.и.д., профессор Н.Б. Хасанов берет.

**Хасанов Н.Б.:** Гулмира Мейманбековна, какие методы вы использовали в экспериментальной работе? Второй вопрос, какие типы уроков использовали?

**Изденүүчү:** Эксперименталдык шарттар үч этапта жүргүзүлүп (аныктоочу; жыйынтыктоочу; текшерүүчү), ар бир этапта төмөндөгүдөй ыкмаларды колдондук:

- илимий-методикалык, нормативдик документтерди окуп-үйрөнүп, аларды жетекчиликке алуу менен мектептеги окуу процессине байкоо жүргүзүп, аңгемелешүү, сурамжылоо ыкмаларын колдондук;
- сабактарга катышып, окуучулардын билимин жана сабактын жүрүшүн талдадык;
- мугалим менен окуучулардан анкета аркылуу сабактын өздөштүрүлүшү тууралуу сурамжылоо ыкмасын колдондук.

Экинчи суроонузга: жаңы тема түшүндүрүү, билим жана билгичтикти өркүндөтүү, жалпылоо жана системалаштыруу, аралаш сабак, текшерүү.

**Төрага:** Кийинки суроого өтөбүз

**Акматов К. К.:** Абдыкерим Жаркынбаевич айтып кеткендей эле конкреттүү методикалык шарттарын атап берсеңиз, кандай методикалык шарттары бар? Экинчиден, мектепте кайсыл класстарды карадыңыз? Илимий ишиңиздин натыйжалуулугун арттырууда кайсыл методдорду колдондуңуз?

**Изденүүчү:** Суроонузга ыракмат! Биз «Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары» деген теманы тандап алганбыз. Өзүм башталгыч класстардын мугалими болуп он жыл мектепте иштегенмин жана 5-11-класска чейин кыргыз тилинен сабак бергенмин. Андан кийин жогорку окуу жайында иштеп, өзүмдүн илимий ишимдин темасы боюнча изилдеп келе жатам. Кыргыз тилин окутуунун натыйжалуулугун арттырууда Чүй облусунун мектептериндеги 5-11-класстарга кыргыз тилинен сабак өтүп, эксперименталдык иштерди жүргүздүм.

**Акматов К. К.:** Гулмира Мейманбековна, сиздин диссертациялык ишиңизде методикалык шарттары каралган, ошону тактап айтып өтсөңүз. Анткени, изилдөө ишиңизди коргоо учурунда да ушул суроолор болот.

**Төрага:** Кийинки суроону п.и.д., профессор М.Х. Манликовна берет

**Манликовна М. Х.:** У вас в экспериментальным этапе написана 9 школа, мне скажите, пожалуйста, на этапе эксперимента сколько контрольных, сколько экспериментальных классов было, какое обшее сколько учеников участвовало?

**Изденүүчү:** Сурооңузга ыракмат! Изилдөөнүн эксперименталдык бөлүмүндөгү таблицада көрсөтүлүп тургандай класстардагы окуучуларды ар бир топтук жана жекече көрсөткөнбүз.

**Манликовна М. Х:** Второй вопрос: По каким учебникам учатся ученики 5-11 классов по предмету “кыргызский язык”? Назовите какие учебники в каждом классе и их авторов?

**Изденүүчү:** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик стандартында бекитилген окуу китептери менен окушат.

**Манликова М. Х.:** Третий вопрос: Какие знания показали по кыргызском языку в каждом классе учащиеся по результатам эксперимента? Где результаты, анализы на итоговом экспериментальном этапе? Ну как вы определели уроки?

**Изденүүчү:** Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар боюнча мектептерде эксперимент жүргүзүлүп, окуучулардын кыргыз тили сабагындагы түшүнүктөрүн анализдеп, практикалык сунуштар киргизилди. Мисал катары айта кетсем, 10-11-класстагы окуучуларга суроолор берилип, жооптор алынды. Жалпысынан 96 окуучунун жооптору текстти талдоо жана текстти түзүү, иш кагаздары менен иштөө, синтаксистик, морфологиялык, грамматикалык талдоолорду жүргүзүү, дилбаяндарды жазуу, окуу китебиндеги көнүгүүлөрдү иштөө ж.б. боюнча. Изилдөө ишибизде окуучулардын кеп ишмердүүлүгүнө, окууга, сүйлөөгө, жазууга багытталган иш-аракеттери каралып, жыйынтыгында эксперименттик топко "5" деген баага 45 окуучу, "4" деген баага 12 окуучу, "3" деген баага 22 окуучу татыктуу болду. Ошолорго карата пайыздык көрсөткүчтөр чыгарылды.

**Манликова М. Х.:** Следующий вопрос: На формируюшем этапе эксперимента сколько уроков вы подготовили по кыргызскому языку, по каким темам в каждом классе?

**Изденүүчү:** Ар бир эксперименттин этаптарында 5-11-класска чейин 30 сааттан бөлүп алдым. Дилбаян жазууда окуучуларды сулуу, таза, катасыз, билимдүү жазууга жана өз түшүнүктөрүн жазууга темалар тандалып алынган. Кыргыз тили сабагына кызыкпаган окуучуларга, "кыргыз тили сабагы кандай өтүлүүсүн каалайсың?" деген суроолор коюлуп, алардын түшүнүктөрү талданды. Мисалы, 5-класста "Алтын куш", 9-класста "Мен Кыргызстан менен сыймыктанам" деген темада эксперимент жүргүзүлүп, өздөрүнүн оюу менен түшүндүрүлүп, аларды патриоттуулукка,

ыймандуулукка, гумандуулукка карата тарбия берүү жагы каралып, грамматикалык жактан текшерүүгө алынды.

**Манликовна М. Х.:** Последний вопрос: Где ваши планы уроков, какие методы вы использовали на уроках?

**Изденүүчү:** Жыйынтыктоочу этапта изилдөөнүн максат, милдеттери каралып, кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатууда биз иштеп чыккан методикалык шарттар алгылыктуу экендиги иштелип, толуктоолор киргизилди.

**Төрага:** Чоң ыракмат. Кийинки суроону М.М. Сыдыкбаева берет.

**Сыдыкбаева М. М.:** Изденүүчү сиз айтып кеттиңиз, биз иштеп чыккан методика деп, кайсыл методикаларды иштеп чыктыңыздар? Бул биринчи суроом. Экинчи суроом, кыргыз тилин окутуунун натыйжалуулугун арттыруу боюнча сизге чейин кимдер изилдеген? Үчүнчү суроо, жалпы экспериментке 120 мугалим катышты деп жазылып турат, алардын баары кыргыз тилчи мугалимдерби?

**Изденүүчү:** Суроонузга ыракмат! Изилдөөнүн эксперименталдык бөлүмүндө темага байланыштуу Бишкек шаарындагы, Чүй облусундагы орто мектептерде эксперимент жасалган. Жалпысынан 120 мугалим, алардын ичинен кыргыз тилчи, кыргыз адабиятчы, башталгыч класстардын мугалим катышкан. Орто мектептерде кыргыз тилинин натыйжалуулугун арттырууга карата бир канча изилдөөлөр жүргүзүлгөн, кыргыз тили сабагына коюлуп жаткан алгылыктуу методдор менен биз изилдөөгө алганбыз.

Сабак жөнүндө орус педагог-окумуштуулары XIX, XX жана XXI кылымдарда (К. В. Ельницкий, В. П. Шереметовский, П. О. Афанасьев, Н. К. Кульман, К. А. Москаленко, Л. Я. Лернер, И. Н. Скаткин, А. В. Текучев, Ю. Б. Зотов, М. М. Махмутов, Б. Т. Панов, В. А. Онищук, Е. Н. Пассов ж. б. ) өз изилдөөлөрүн арнап, ондогон методикалык эмгектерди жазышкан. Жалпы эле сабактын, анын ичинде кыргыз тили сабагынын теориялык жана практикалык маселелери боюнча да эмгектер жазылып, алар сабактын натыйжалуулугун арттырууга кызмат кылып келет. Атап айтсак С. Нааматов, К. К. Сартбаев, С. Үсөналиев, И. Бекбоев, Э. Мамбетакунов, Б. Исаков, Б. Өмүралиев, А. Осмонкулов, С. Байгазиев, А. Алымбеков, А. Муратов, Ж. Чыманов, С. Рысбаев, К. Добаев, К Эсеналиева, А. Бектурова ж. б. эмгектери азыркы учурда да пайдаланылып келет.

**Төрага:** Кийинки суроону проф. Асанова Ш. Ч. берет.

**ШакееваЧ.А.** Изденүүчү сиз айткан заманбап шартка ылайыкташтырып иштеп чыккан методикалык иштер менен кошо жасалма интеллект жөнүндө дагы ой жүгүрттүңүзбү?

**Изденүүчү:** Суроонузга ыракмат. Азыркы заманга ылайыктап кыргыз тилинин натыйжалуулугун жогорулатууга карата жасалма интеллекти кошо кароо алгылыктуу натыйжаларды берет деп ойлоймун.

**Төрага:** Берилген суроолорго жооптор канааттандырарлык болду. Анда кийинки сөз илимий жетекчиси Ж.А. Чымановго берилет.

**Чыманов Ж. А.:** Урматтуу кесиптештер, илимий жетекчинин жана диссертанттын изденүүсүндө орто мектептерде кыргыз тилинин

натыйжалуулугун арттырууга карата окутуунун жана тарбиялоонун оптималдуу вариантын табуу – татаал, анткени өтүлүп жаткан предмет эмес, ошол предметти окуп, түшүнүп жаткан окуучуларга тапшырмалар берилген. Иштин үчүнчү бапта методикалык шарттар, талаптар, кайсыл критерийлер менен аныкталгандыгы диссертациялык иште берилген жана эксперттердин берген сунуштарын эске алуу менен толуктоолор киргизилген.

**Төрага:** Гулмира Мейманбековна, сиз отура берсеңиз болот. Эми эксперттердин жообун угуп көрөлү.

**Мукамбетова А.С.:** Орто мектептерде кыргыз тилинин натыйжалуулугун арттырууга карата мугалимдин сабакка койгон максатына жараша ишке ашырууга карата иш-аракеттери боюнча сунуштар берилген. Экинчиден, педагогикалык эксперименталдык иш-аракеттердин жүрүшү жана жыйынтыктары деген бөлүмүндөгү аныктоочу, калыптандыруучу, текшерүүчү этаптарынын максат, милдеттерин жана методдорун натыйжалары так, конкреттүү берилгени менен окуучуларга, ата-энелерге берилген анкеталык суроолордун аз берилип калгандыгы, кандай критерийлер менен аныкталгандыгы дагы түшүнүксүз болуп калган. Кыргыз тили сабагы боюнча өтүлгөн сабактардын модели жок, негизинен ушул сунуштар берилген. Белгиленген сунуштар аткарылгандан кийин изилдөөгө алган диссертациялык ишти коргоого сунуш кыламын.

**Төрага:** Дагы бир эксперт К.Д. Добаев педагогикалык эксперименталдык иш-аракеттердин жүрүшүндө берилген анкеталардагы суроо-жоопторду жана диссертациялык иштеги грамматикалык каталарды кароо жагын белгилеп, коргоого сунуш кылган. Кийинки сөз үчүнчү эксперт Сулайман Казыбаевичке берилет.

**Рысбаев С. К.:** Мен бул ишти абдан кылдаттык менен карап, окуп чыктым. Анткени, орто мектептерде кыргыз тилинин натыйжалуулугу буга чейинки изилдөөлөрдө каралгандыгы, чындыгында орустарда изилденген. Диссертанттын изилдөөсүндө сабактын максатына көңүл бурулган, бирок изилдене турган нерсе анын натыйжалуулугу болуп жатат. Ошол натыйжалуулук болбосо, кандай билим болот? – деген суроо турат. Ал эми эксперименталдык бөлүмдө кайсыл класста кайсыл окуу китептен, кандай темада натыйжалуу сабак өтүлгөндүгү жөнүндө сөз болуп жатат. Негизинен натыйжалуулукка жетүүнүн каражаттары каралган. Бирок, натыйжалуулук жок болуп жатат. Бүгүнкү талкуудагы суроолорго диссертант даярданып, толуктоолорду киргизсе болот. Биринчиден, окутуунун натыйжалуулугунун дидактикалык белгилери, каражаттары, мисалдар менен сабак процессинде чагылдырса жакшы болот. Андан кийин кыргыз тили сабагында конкреттүү темалардын негизинде окутуунун натыйжалуулугун көрсөткөн мисалдар менен коштолсо болмок. Эксперимантaлдык ишти кайрадан карап чыгуу менен айтылган сунуштарга карата диссертациялык ишке толуктоолор киргизилиши керек. Жогоруда аталган кемчиликтерди эске алуу менен толуктоолорду киргизгенден кийин гана коргоого коюуга болот.

**Төрага:** Сиздин пикириңиз боюнча диссертант алдын ала коргоодон өттү деп эсептейсизби?

**Рысбаев С. К.:** Жогоруда айтылган кемчилик, мүчүлүштүктөрдү оңдогондон кийин гана коргоого коюуга сунуштаймын. Мен, Гулмира Мейманбековнага диссертациялык иштин негизги мазмуну боюнча дагы буга чейин коп жолу айтканмын. Ошолорду эске алып, толуктайт деп ишенем. Коргоого сунуш кыламын.

**Төрага:** Сөз К. К. Акматовго берилет.

**Акматов К. К.:** Чындыгында тема актуалдуу, орто мектептерде кыргыз тилинин натыйжалуулугун арттырууга карата изилдөөгө алынган. Биз диссертациялык ишти окуган жокбуз, автореферат менен таанышып чыктык. Изденүүчү ушунча эмгек кылды, күзгө чейин убакыт бар. 5-11-класстардын кыргыз тили китептерин чогултуп алып, абдан тереңдетип карап чыгышыңыз керек. Сунуштарды эске алуу менен диссертант дагы иштейт деп ойлоймун. Жогоруда айтылгандарды оңдоп, кемчиликтер аткарылгандан кийин коргоого сунуш кыламын.

**Төрага:** Сөз Навруз Баротовичке берилет.

**Хасанов Н. Б.:** В автореферате много стилистических и грамматических ошибок, это научная работа. Поэтому надо смотреть внимательно.

**Төрага:** Дагы кимде пикирлер бар?

**Сыдыкбаева М. М.:** Жогоруда айтылган сунуш, пикирлерди кылдаттык менен карап, бул диссертациялык иш оңдолот деп ойлоймун. Анткени убакыт бар, коргоого сунуш кыла берсек.

**Төрага:** Эксперттердин жыйынтыгын угуп, бул ишти 2024-жылы коргоого кабыл алалы. Бул диссертациялык ишти диссертант, илимий жетекчи, эксперттер, авторефераттын орусча котормосун кылдаттык менен кароо керек.

**Рысбаев С.К.: Биринчи расмий оппонент** катары: п.и.д., профессор Рысбаев С. К. сунушталат. Анын бул темага жакын эмгектери бар.
**Экинчи расмий оппонент** катары Карамендеева Чолпон Жологоновна – п.и.к., доцент, шифри – 13.00.02, сунушталат.

**Жетектөөчү мекеме катары:** Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана усулу жана кыргыз тили жана адабияты кафедралары сунушталат.

**Төрага:** Расмий оппоненттерди жана жетектөөчү мекемени бекитүүнү колго алып, добуш берип койсок. **Биринчи расмий оппонент** - п.и.д., профессор Рысбаев С. К,; **Экинчи расмий оппонент** - Карамендеева Ч. Ж. **Жетектөөчү мекеме катары:** Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана усулу жана кыргыз тили жана адабияты кафедралары сунушталат Каршы, калыс жок баары макул добуш кабыл алынды. Рахмат баарыңыздарга!

Изденүүчү **Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын «Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары» аттуу 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили)** адистиги боюнча педагогика

илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы коргоого сунушталсын.

**Бардыгы - 19. Макул - 19, каршы - 0, калыс - 0.**

Жогорудагы изденүүчүнүн баяндамасын, суроо-жоопторду жана талкууда айтылгандарды угуп, эксперттик комиссиянын бүтүмүн жана добуш берүүнүн жыйынтыгын эске алып, Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты), психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.23.673 диссертациялык кеңештин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Изденүүчү 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын **«Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары»** деген темада 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши алдын ала коргоодон өттү деп эсептелсин жана бүтүмү бекитилсин.

2. Изденүүчү 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын «Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары» деген темада 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет деп эсептелсин жана коргоого сунушталсын.

**Жыйындын төрагасы,**
**п.и.д., профессор:** **А.Ж. Муратов**

**Жыйындын катчысы,**
**п.и.к., доцент:** **Д.К. Омурбаева**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

КОЛ ТАҢБАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА